DOI:10.26104/NNTIK.2023.63.85.060

*Жусупбаева Ш.Э.*

# АДАБИЙ ОКУУ САБАГЫНДА БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНДА ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЖӨНДӨМДҮҮЛҮКТҮ ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ПЕДАГОГИКАЛЫК-УЮШТУРУУЧУЛУК ШАРТТАРДЫН МААНИЛҮҮЛҮГҮ

*Жусупбаева Ш.Э.*

# ЗНАЧИМОСТЬ ОРГАНИЗАЦИОННО-ПЕДАГОГИЧЕСКИХ УСЛОВИЙ В РАЗВИТИИ ТВОРЧЕСКИХ СПОСОБНОСТЕЙ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ НА УРОКЕ ЛИТЕРАТУРНОГО ЧТЕНИЯ

*Sh. Jusupbaeva*

# THE IMPORTANCE OF ORGANIZATIONAL AND PEDAGOGICAL CONDITIONS IN THE DEVELOPMENT OF CREATIVE ABILITIES OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS IN THE LESSON OF LITERARY READING

*УДК: 371.321.4*

*Башталгыч класстын окуучуларында чыгармачылык жөндөмдүүлүктү адабий окуу сабагында өнүктүрүү, актуалдуу жана мурдатан эле изилденип келе жаткан маселе. Окуучунун чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өстүрүү окутуучулар үчүн негизги максат катары аларды кызыктырып келет. Мугалимдин өз сабактарында окуучулардын психологиялык жана жаш өзгөчөлүгүн эске алууну, жаратуучулук түзүмдү, дидактикалык оюндарды, адабий окуу сабагында техникалык каражаттарды колдонуусу, балдарда чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүүсүнө мүмкүнчүлүк берет жана алардын жеке инсан катары калыптануусун камсыздайт. Мына ушул, чыгармачылык жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү маселесин анализдөө менен биз, "канткенде туура багыттагы педагогикалык-уюштуруучулук шарттарды түзүү аркылуу чыгармачылыктын өсүүсү жана чыгармачылык тапшырмалардын өздөштүрүлүүсү эффективдүүлүгүн жогорулата алабыз?"- деген суроо жаралды. Мен өз изилдөөмдө мына ушул жана башка чыгармачылык жөндөмдүүлүктү өнүктүрүүгө байланыштуу багыттарды окуп үйрөнүү максатын коюп отурамын. Окуучулардагы чыгармачылык жөндөмдүүлүктү өнүктүрүүнү ийгиликтүү ишке ашырууга жетишүү үчүн албетте жагымдуу шарттарды түзүү зарыл. Макалада, адабий окуу сабагында башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык жөнөмдүүлүгүн өнүктүрүүдө педагогикалык уюштуруучулук шарттардын маанилүүлүгү жана алардын маани-манызы изилденди.*

***Негизги сөздөр:*** *чыгармачылык, чыгармачылык жөндөмдүүлүк, жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү, өнүктүрүү шарттары, креативдүүлүк, окуучунун ролу, психологиялык шарт.*

*Развитие творческих способностей у младших школьников на уроке литературного чтения актуальная и давно назревшая проблема. Главной целью педагогов является развитие творческих способностей учащихся и это интересует их. Использование учителем психологических и возрастных особенностей учащихся на своих уроках, творческой конструкции, дидактических игр, использование технических средств на литературном уроке позволяет развивать творческую активность детей и обеспечивает их формирование как личности. Анализируя проблему развития творческих способностей, мы задались вопросом: «Как повысить эффективность творческого роста и освоения творческих задач путем создания правильных педагогических и организационных условий?». В своем исследовании я поставил перед собой цель изучить эти и другие направления, связанные с развитием творческих способностей. Для успешного осуществления развития творческих способностей учащихся необходимо создать благоприятные условия. В статье исследовано значимость и сущность организационно-педагогических условий в развитии творческих способностей учащихся начальных классов на уроках литературного чтения.*

***Ключевые слова:*** *творчество, творческие способности, развитие способностей, условия развития, креативность, роль ученика, психологическое состояние.*

*The development of creative abilities in younger students in the lesson of literary reading is an urgent and long overdue problem. The main goal of teachers is to develop the creative abilities of students and this interests them. The use by the teacher of the psychological and age characteristics of students in their lessons, creative construction, didactic games, the use of technical means in a literary lesson allows developing the creative activity of children and ensures their formation as a person. Analyzing the problem of developing creative abilities, we asked ourselves the question: "How to increase the efficiency of creative growth and the development of creative tasks by creating the right pedagogical and organizational conditions?" In my research, I set myself the goal of exploring these and other areas related to the development of creative abilities. For the successful implementation of the development of students' creative abilities, it is necessary to create favorable conditions. The article explores the significance and essence of organizational and pedagogical conditions in the development of creative abilities of primary school students in the lessons of literary reading.*

***Key words:*** *creativity, creativity, development of abilities, conditions of development, creativity, the role of the student, psychological state.*

Коомчулукта көндүм болгон абалда мурдатан эле "чыгармачылык жөндөмдүүлүк" түшүнүгү, көркөм ишмердүүлүктүн түрлөрү болгон, сүрөт тартуу, ыр жаза билүү, обон чыгара алуу сыяктуу артыкчылыктар катары кабыл алынган. Ошондуктан бул көндүм-стереотип түшүнүктүн өзүн аныктоо зарылчылыгы пайда болуп отурат. Кыязы, бул түшүнүк "чыгармачылык", "чыгармачылык ишмердүүлүк" түшүнүктөрү менен тыгыз байланышта болсо керек, бул маселеде окумуштуулардын оюу ар башка. Күнүмдүк турмушта чыгармачылык дегенде биз, искусство жаатында иштегендерди, жаңычыл, жаратуучулук эмгектерин, илимий таанып билүү, акыл эмгеги, өнөр адамдарын түшүнөбүз.

Чындыгында, чыгармачылык-бул албетте ар түрдүү багыттардагы кандайдыр бир жаңылык болуп эсептелет. Чыгармачылык бир эле социалдык маанидеги

ачылыш эмес, адам баласынын өзү үчүн жаралган жаңылык да болуп эсептелет. Учурда окумуштуулардын көз карашы боюнча "чыгармачылык" жеке адамдын интеллектуалдык жана мүнөздүү жөндөмдүүлүктөрү катары каралууда. Чыгармачылык бул – ишмердүүлүк жана бул ишмердүүлүктүн натыйжасындагы пайда болгон жаны руханий жана материалдык баалуулуктар; психикалык активдүүлүктүн жогорку формасы, өз алдынчалуулук, кандайдыр бир жанылык жасоо жөндөмдүүлүгү. Чыгармачылык ишмердүүлүктүн натыйжасында чыгармачылык жөндөмдүүлүк калыптанат жана өнүгөт. Ал эми креативдүүлүк деген түшүнүк да мына ушул чыгармачылык менен байланышта болуп төмөнкүдөй аныктама менен түшүндүрүлөт. Креативдүүлүк – бул адам баласынын чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрү жана ал адамдын ойломунда, сезиминде жана ишмердүүлүктүн өзгөчөлөнгөн багыттарында байкалат. Натыйжада, чыгармачылык деген түшүнүктү биз – жаңылык киргизе алуу жөндөмдүүлүгү, өз алдынчалуулук, психикалык активдүүлүк ишмердүүлүгү деп аныктасак болот деп эсептейм.

Окуучулардагы чыгармачылык жөндөмдүүлүктү өнүктүрүүнү ийгиликтүү ишке ашырууга жетишүү үчүн албетте жагымдуу шарттарды түзүү зарыл. Ал эми психологиялык-педагогикалык адабиятта төмөнкү шарттарды, чыгармачылык жөндөмдүүлүктү өнүктүрүүгө зарыл болгон шарттардын катарына кошушат: биринчи орунда окуучунун ролун өзгөртүү, мында, окуучуда төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөр жаралуусу керек, окуучу таанып билүүнүн активдүү катышуучусу болуусу, тандоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу, өзүнүн кызыкчылыктарын жана керектөөлөрүн канааттандыруу мүмкүнчүлүгү жана өзүнүн күч-дараметин ишке ашыруусу. Чыгармачылык тапшырмаларды аткаруу жараянында окуучу менен педагог ортосунда жеке инсандык-ишмердүүлүк карым-катнашы түзүлүүсү зарыл болот. Бул мамиленин маани-манызытүздөн-түз жана кайтарымдуу таасир берүүнүн тыгыз байланышта экендигинде ошондой эле, биргеликтеги өз ара ишмердүүлүктүн зарылчылыгын андап билүү болуп эсептелет. Экинчиден, ынгайлуу психологиялык абал, жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүүсүнө ыңгайлуу психологиялык абал мүмкүнчүлүгүн түзүп берүүчү шарттар төмөнкүлөр: балдардын чыгармачылыкка болгон умтулууларын ар тараптуу колдоого алуу жана кызыктыруу, ар бир окуучунун өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө бекем ишенүүсүнө жардам берүү, сөзсүз түрдө ар бир окуучуну кабыл алуу, ар бир окуучунун кызыкчылыктарын, жеке оюн, эскертүүлөргө мамилесин жана ой жүгүртүүсүн сыйлоо. Мында, тынчсыздануу, коркуу, өзүнө ишенбегендик сыяктуу терс эмоциялар чыгармачылык ишмердүүлүктүн жакшы жыйынтык берүүсүнө терс таасир берет, өзгөчө башталгыч класстын окуучуларында, себеби алар аябай сезимтал келишет. Окуу жараянында окуучулар арасында, ар бир окуучуга камкордук көрүү, жакшы маанай, ишеним жана жоопкерчиликке негизделген өзгөчө психологиялык абал же болбосо шарттын жаралуусу өтө маанилүү. Үчүнчүдөн, билим үйрөтүүдөгү ички мотивациянын зарылдыгы, чыгармачылыкка багыт берүүчү, өзүнө бийик баа берүү, өз күчүнө бекем ишенүү зарылчылыктары болуп эсептелет. Ушул сапаттар менен гана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрдү ийгиликтүү ишке ашыруу мүмкүн. Мына ошондо, башталгыч класстын окуучусунун таанып билүүчүлүк кызыкчылыктары, каалоолору, билимге болгон кызыгуусу ошондой эле албетте, изденүү ишмердүүлүгүнүн жүрүшүнө кызыгуусу, маанайынын көтөрүлүүсү, булардын баары баланын акыл-эсинин чыналуусу чарчоого эмес пайдалуу эргүүсүнүн өсүүсүнө шарт түзөт. Төртүнчүдөн, башталгыч класстын окуучусуна зарыл болгон орундуу туура педагогикалык жардам берүү, мында, жардам өз учурунда, баланын өзү түшүнүп жетишүүсүн камсыздоочу багыт берүү болуусу керек, окуучунун колунан келе турган ишти мугалим жасап салбоосу керек, окуучунун акыл-эси жеткен ишти-тапшырманы, окутуучу эч качан чечип бербеши керек. Бешинчиден, ишмердүүлүктөгү ар түрдүүлүк формадагы кыймыл-аракеттер. Мында жекече, топтук жана фронталдык иш формалары колдон келишинче аралаш активдүүлүктө болуп, окуучулар мүмкүн болушунча өз алдынча жана топтук ишмердүүлүктө жоопкерчиликти индивидуалдуу жана топтун ичинде сезе билүүсү аябай маанилүү. Мындай иштөө ар бир окуучуга чогуу жана жекече изденүүлөргө өбөлгө түзүү менен окуучунун иш процессине кызыгуусун арттырат. Окуучу жеке өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн чама-чаркын салыштыруу менен өзүн-өзү ондоп-түзөө, билим алуудагы багыттарын аныктоо мүмкүнчүлүгүнө жетишет. Алтынчыдан, чыгармачылык тапшырмаларды чечүү процессинде ар тараптуу предметтер аралык байланышты пайдалануучу суроолорду берүү менен окуучулардагы чыгармачылыкты өстүрүү зарыл. Жетинчи шарт бул – ар бир окуучуда ийгиликке жетишүү учурун жаратуу. Мында, чыгармачылыкты өстүрүүчү мүнөздөгү тапшырмалар жалпы класстагы окуучуларга берилет, ошентсе да, ар бир окуучудагы индивидуалдуулук ийгиликке жетишүү өзүнчө болсо гана балдардагы ийгиликке жетишүү абалы шарттaлып, ар бир окуучуда кызыгуу болот. Тапшырма берүүдө балдардагы жөндөмдүүлүктүн, жетишкендиктин айырмачылыгы аталбай көмүскөдө болуп, аларды бөлбөө практикасы сунушталат. Сегизинчи шарт бул – чыгармачылык тапшырмалардын ар түрдүүлүгү. Мында, тапшырмалар мааниси боюнча формасы боюнча колдон келишинче ар түрдүү болуусу зарыл. Жөнөкөй окуу процессиндеги тапшырмалар менен чыгармачылыкты өнүктүрүүчү

тапшырмаларды оптималдуу аралаштыруу менен берүү аябай кенири өнүктүрүүчүлүк мүмкүнчүлүктөрдү камсыздайт мугалимдин ар бир окуучунун чыгармачыл өсүп-өнүгүүсүнө жакындан жардам берүүсүнө чон өбөлгө түзөт. Тогузунчу шарт бул – башталгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүдө иштин ырааттуулугу, чыгармачылык тапшырмалардын үзгүлтүксүздүгү эч качан балдардагы чыгармачылыктын өсүүсүн камсыздабайт. Натыйжада окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнүн өсүп-өнүгүүсүндө эффективдүүлүк төмөндөйт. Мен өз макаламда ушул маселеге байланыштуу, чыгармачылык ойлом жана башталгыч класстагы окуучунун элестетүүлөрүн чыгармачылык жөндөмдүүлүктүн маанилүү кызыгууну арттыруучу компоненттери катары аныктоого жана бул түшүнүктөрдү таанып билүү, жасоо ишмердүүлүгүндө чыгармачылыкты өнүктүрүүгө багытталган тапшырмаларды түзүү менен жетишүү мүмкүн экендигин тактоого аракет жасадым.

Демек, биз жогоруда айтып кеткен чыгармачылыкты өнүктүрүүнүн шарттары адабий окуу сабагында аябай маанилүү орунду ээлейт деп эсептейбиз. Бул маселени чыгаан окумуштуу, п.и.д., профессор, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер С. Рысбаев жана К.Миңбаевалардын “Кыргыз балдар акын-жазуучуларынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар” аттуу эмгегинде айтып өткөндүгүн алар келтирген мисалдардан көрө алабыз: “Мектеп программасында биз сөз кылып жаткан Барпынын дидактикалык поэзиясы менен төмөнкү класстардан тартып эле тааныштыруу аракеттери улантылып келатат. Окуу китептерде да анын айрым, философиялуу-дидактикалык афоризмдерге бай ырлары орун алган. Буга жалпыга белгилүү «Балдарга насыяты», «Куштардын санаты» ж.б. ырлары көбө. Мисал келтирели. Барпынын «Балдарга насыяты» башынан аягына чейин афоризмге жык толгон дидактикалык поэзиянын классикалык үлгүсүн берет.

Бирдин көөнүн оорутуп,
Кетпегиле, балдар ай,
Түбү кандай болорун
Эстегиле, балдар ай, ... ж.б.

Мындай ырлар элдик педагогиканын ойлорун өзүнө сиңирүү менен, балдарды калыптандыруучулук, жакшы сапаттарга үйрөтүп, тарбиялоочулук күчкө эгедер”[1, 11]. Мында, биз педагогикалык ойлордун балдарга жеткирилүүсү шартын байкайбыз.

Ошондой эле жогоруда айтылган эмгекте авторлор Барпы акындын ырларындагы ойлом, философиялык көз караш балдардагы чыгармачылык ойломдун өнүгүүсүнө чон өбөлгө боло тургандыгы жөнүндө төмөнкүдөй мисалдарды келтирген: “Мында мен, өзгөчө, тарбиялоочулук жагына басым койгум келет. Тарбиялоонун фонунда, ойлоо маданиятына калыптандыруу, мамиле маданиятына, жүрүм-турум маданиятына, сүйлөө маданиятына, иштөө маданиятына үйрөтүүгө көңүл бөлөт, билимге үндөйт, заманды, дүйнөнү түшүнүүгө чакырат, нравалык тазалыкка жетелейт, чындыкты таанып өссө дейт, жоопкерчилик милдетти мойнуна артып жетилсе - дейт. Мисалы:

Чеки басып жат жерге,
Барбагыла, балдар ай,
Эс токтотуп ар ишти
Ойлогула, балдар ай –

деп, бул саптары менен ой жүгүртүү маданиятына тарбиялоону көздөсө, андан ары:

Минип турган атыңды,
Чаппагыла, балдар ай.
Киши билбестиктен сүйлөсө,
Какпагыла, балдар ай –

деп, айбан малга да, акыл-эстүү адамга да бирдей астейдил мамиле жасоого үндөйт.

Же болбосо,
Бош куржунга сук колду,
Салбагыла, балдар ай,
Бирөөнүн болсо буюму,
Албагыла, балдар ай... - деп, жүрүм-турум ыйманын эске салса,

Кеп бербеген такымчы,
Болбогула, балдар ай,
Адебиңдин пайдасын,
Ойлогула, балдар ай –

деп, сүйлөө маданиятына үндөйт, улуу-кичүү менен, тааныш-бейтааныш менен адептүү баарлашуу керектигин эскертет” [2, 12-б.].

Жогоруда айтылгандай башталгыч класстарынын адабий окуу сабагындагы чыгармалар аркылуу балдарды ойлоо маданиятына, иштөө маданиятына, сүйлөө маданиятына тарбиянын негизинде табият менен таттуу мамиледе болууга үндөөчү чыгармачылык тапшырмаларды иштеп чыгуу менен чыгармачылык жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү ишмердүүлүгүн уюштуруу керек деп эсептейм.

Табиятты таануу деги эле таанып билүү башталгыч класстын окуучулары үчүн чыгармачылык жөндөмдүүлүктү калыптандыруучу негизги компоненттердин бири деп эсептесек, С.Рысбаев жана К.Миңбаевалардын жогоруда аты аталган эмгегинде, “Т.Самудиновдун ырларында баланы интеллектуалдык жактан өнүктүрүүчүлүк идеяларынын берилиши” темасына кайрылуусунда бул маселеге аныктоо киргизгендигин көрөбүз. Мында автор, “Жогоруда айтылгандай акын Т. Самудиновдун ырларындагы эң башкы өзгөчөлүк – бул балага дүйнөнү таанытуу, ар кандай жаныбарлардын аттарын билдирүү, жашоо-шартын үйрөтүү, өзгөчө белгилери тууралуу маалымат берүү. Мунун өзү акындын нагыз мугалим, тактап айтканда акын-

педагог экенин билдирет. Дегинкиси, балдар поэзиясынын өзгөчөлүгү ушунда анда поэтикалуулуктан мурда – дидактикалуулук мүнөздүү экендигин балдар адабиятын изилдөөчүлөр туура белгилешет. Анткени, балдар адабиятынын табияты ушунда. Ушул багыттан алганда акын Т. Самудиновдун көптөгөн ырларынын түрмөгү жогоруда айтылган ойлорго түздөн-түз мисал боло алат. Мисалы, «Билебиз жана билбейбиз» аттуу ырында күн нуру айлананы кулпунтаарын, кар кетсе жашыл жаз келерин, жаз келсе, булбул сайраарын ырга кошот да бирок, Мелис деген тентек баланын сабактан кандай бааны алып келерин билбейбиз - деп тамашага салат. Албетте, педагогика, психология илиминде таанытуусуз билим берүү мүмкүн эместиги туура айтылат. Т. Самудиновдун таанытуучу мүнөзүндөгү ырлары да балдарды табият таанытуу мүнөзүндөгү билимдердин башаты сыяктанат” [3, 56-58-бб.].

Башталгыч класстардагы адабий окуу сабагындагы окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүчү компонент катары балдарга улуттук баалуулуктардын негизинде тарбия берүү менен алардагы чыгармачылык жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү мүмкүн деп эсептейм. Бул багытта С.Рысбаевдин акын Б.Асаналиевдин чыгармаларындагы этнопедагогикалык тарбия берүү жана дүйнө таанытуу идеялары жөнүндө берген көз карашында төмөнкүдөй анализдөөнү окуйбуз: “Б.Асаналиев – улуттук балдар адабиятыбыздагы чыгармачылык салттуулукту карманган акындардын бири. Анын бир белгиси–тематиканы ар тараптуу жана да балага дүйнө таанытуу, балалык кыял-чабыттарын, балалык дүйнөсүн поэтикалуу чагылдыруу, ошону менен бирге эриш-аркак, ажырагыс түрдө улуу катары таалим тарбия, акыл-насаат берүү идеяларынын мол экендиги талашсыз. Акындын чыгармачылыгындагы мындай багыттар анын алгачкы эле чыгармачылык чыйырынан байкалган. Анын «Жаз боегу» аттуу биринчи жарыяланган жыйнагында («Жаз боегу», фрунзе, «Мектеп», 1967) жогоруда айтылгандай, баланын кыялы, таттуу тили, ички табияты, психологиясы эне менен баланын эмоционалдык байланышы, табият менен адамдын алакасы, ага жылуу мамиле жасоо, балдардын табият табышмагын билүүгө болгон куштарлыгы, бала жашап жаткан коом, анын балдардын аң-сезимине тийгизип жаткан таасири, эмгектин ролу, эмгекчилдикке тарбиялоо, жана башка багыттардагы таанытуучулук мүнөзүндөгү педагогикалык идеялары чагылдырылган” [3, 70-б.]. Мында айтылгандай этнопедагогика балдардын дүйнөтаанымын алардын ар тараптуу өнүгүүсүн камсыздайт, балдардагы чыгармачылык жөндөмдүүлүктүн өсүүсүнө өбөлгө болот деп эсептеймин.

Ошентип, жыйынтыгында айтсак, бүгүнкү күндө чыгармачылык тапшырмалардын түзүмү бир катар кызматтарды аткарат да башталгыч класстын окуучуларында чыгармачылык жөндөмдүүлүктү өнүктүрүүгө шарт түзөт. Аткарылуучу кызматтардын ичинен таанып билүүчүлүк кызматы окуучулардагы чыгармачылык тажрыйбасын кенейтет, окуучуларда чыгармачылыктын жаңы ыкмаларынын пайда болуусуна өбөлгө болот. Ал эми өнүктүрүүчүлүк кызматы окуучулардагы креативдик-жаратмандык жөндөмдүүлүгүн ойготот. Багыт алуучулук кызматы болсо окуучуларда чыгармачылык ишмердүүлүккө болгон туруктуу кызыгууну жаратат[4.].

Мугалимдин өз сабактарында окуучулардын психологиялык жана жаш өзгөчөлүгүн эске алууну, жаратуучулук түзүмдү, дидактикалык оюндарды, адабий окуу сабагында техникалык каражаттарды колдонууну пайдалануусу, балдарда чыгармачылык активдүүлүктү өнүктүрүүсүнө мүмкүнчүлүк берет жана алардын жеке инсан катары калыптануусун камсыздайт. Жогоруда айтылган шарттарды колдонуу үчүн адабий окуу сабагы учуру аябай ыңгайлуу. Себеби, бул сабакта окуучулар өзүлөрүн салыштырмалуу эркин сезишип, чыгармачылык ишмердүүлүктү көрсөтүүгө жана чыгармачылык ачылыштарды жаратууга шыктанышат. Демек, изилдөө көрсөткөндөй чыгармачылык жөндөмдүүлүктүн активдүүлүгүн өнүктүрүү билим берүүдөгү чечкиндүү кадамдардын бири катары каралуусу керек деп эсептеймин.

**Адабияттар:**


1. Рысбаев С., Миңбаева К. Кыргыз балдар акын-жазуучуларынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар, ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринин окутуучулары жана студенттери үчүн кошумча окуу куралы. - Б., 2015, 11-б.
2. Рысбаев С., Миңбаева К. Кыргыз балдар акын-жазуучуларынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар, ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринин окутуучулары жана студенттери үчүн кошумча окуу куралы. - Б., 2015, 12-б.
3. Рысбаев С., Миңбаева К. Кыргыз балдар акын-жазуучуларынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар, ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринин окутуучулары жана студенттери үчүн кошумча окуу куралы. - Б., 2015. - 56-58-бб.
4. Алешаева Н.П. Развитие творческой активности младших школьников на уроках литературного чтения / Н.П. Алешаева // Начальная школа плюс до и после. [Эл.й ресурс]. -Режим доступа: http://school2100.com/upload/iblock/713/71367af3dce24fc729c7296 15a5fc55b.pdf
5. Бабаева Ю.Д. Психология одаренности детей и подростков. / Ю.Д. Бабаева, Н.С.Лейтес, Т.М.Марютина. - М.: «Академия», 2000. - 332с.
6. Баева И.А. Психолого-педагогические основы развития креативности / И.А.Баева. - Издательст: Питер, 2011. - 414 стр.
7. Выготский Л.С. Воображение и творчество в детском возрасте: психологический очерк. Книга для учителя / Л.С. Выготский. - М.: Просвещение, 1991. - 193с.
8. Алсаитова Д.А. Муратбек Касейдин чыгармачылыгындагы педагогикалык ишмердүүлүгү менен балдар темасынын байланышы. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2014. - №. 4. - С. 293-296.